"Офицерлер"

Сөзү: Адылов Шекербек, Бейшекеев Сыймык
Обону: Бейшекеев Сыймык

Сезип дайым жүрөгүнөн ыйыктыгын мекендин,
Ишенебиз, шегибиз жок, чек аранын бекемин.
Погон кийген ар бир кыргыз офицери, силерге,
Ата Журттун сакчысы деп дайым таазим этемин.

Кайырма:
Офицерлер, офицерлер - мекенимдин сакчысы,
Офицерлер, офицерлер - тынчтык күндүн бактысы.
Силерсиңер, силерсиңер бейпилдиктин ачкычы,
Ден соолукта жүргүлөчү, өмүр болсун башкысы.

Бөтөн элди, бөтөн жерди өз жериндей корушту,
Артта калды Афганистан алааматы согуштун.
"Чептен эрдин күчү бек" дейт ата-бабам абалтан,
Билесиңер баркын-баасын ыйык ата конуштун.

Кайырма:

Көкүрөктө орден-медаль - эрдигиңдин белгиси,
Көзүндө от, жалын жүрөк болот дайым эргиши.
Өмүрүңөр өрнөк болсун урпактарга эртеңки,
Милдетиң так аткарасың, коргоп эли-жериңди.